Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№7 [17003] ИШЕМБИ, 14/03/2026

### Токтосунов Тагдырбек:
## “ИНВЕСТИЦИЯ ТАРТЫЛЫП, ИНФРАТҮЗҮМ ЖАКШЫРТЫЛДЫ”



8-бетте

### Мамиржан КАДИРОВ:
## “ДОСТУК” АЙЫЛ ӨКМӨТҮНДӨ ИЙГИЛИКТЕР АРБЫН”



4-бетте

## ТАЖРЫЙБАЛУУНУН САБАГЫ ТААСИРДҮҮ БОЛОТ



3-бетте

## Өнүгүүгө багыт алган Ийри-Суу айыл аймагы



5-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: «КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ», «ЛЕНИН ЖОЛУ»

# Эки тараптуу жолугушуу



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебаев Улуу Британиянын Кыргыз Республикасындагы Атайын жана ыйгарым укуктуу элчиси Николас Боулер менен жолугушту.

Жолугушууда тараптар Кыргыз Республикасы менен Улуу Британиянын ортосундагы эки тараптуу кызматташтыктын учурдагы абалын жана аны мындан ары өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн талкуулашты. Айрыкча, аймактарды социалдык- экономикалык жактан өнүктүрүү, инвестицияларды тартуу, чакан жана орто бизнести колдоо, айыл чарбасын модернизациялоо, туризмди өнүктүрүү жана заманбап технологияларды киргизүү маселелерине көңүл бурулду.

Өз сөзүндө облус башчысы Улуу Британия Кыргызстандын маанилүү эл аралык өнөктөштөрүнүн бири экенин белгилеп, өлкөнүн социалдык экономикалык долбоорлорун ишке ашырууда көрсөтүлүп жаткна колдоо үчүн ыраазычылык билдирди. Ошондой эле ал Европа реконструкциялоо жана өнүктүрүү банкы аркылуу Ош облусунун бир катар чакан шаарларында таза суу жана канализация системаларын куруу боюнча долбоорлор ишке ашырылып жатканын айтып, бул демилгелер аймактын инфратүзүмүн жакшыртууга калктын жашоо сапатын жогорулатууга чоң салым кошуп жатканын билдирди.

Мындан тышкары, жолугушууда эмгек миграциясы жаатындагы кызматташуу маселелери да талкууланды. Белгиленгендей, Улуу Британиядагы айыл чарба тармагындагы сезондук жумуш программасынын алкагында Кыргызстандын жарандары ийгиликтүү эмгектенип келишүүдө. Анын катышуучуларынын басымдуу бөлүгү өлкөнүн түштүк аймактарынын, анын ичинде Ош облусунун тургундары экени айтылды. Жолугушуунун соңунда эки тараптуу кызматташууну мындан ары да кеңейтүүгө жана жаңы биргелешкен долбоорлорду ишке ашырууга кызыкдар экендиктерин билдиришти.

**К.Кыдыралиева.**

# Долбоор татыктуу корголду



Жакында Бишкек шаарындагы Технопаркта Inspire Cup -2026 инкубациялык программасынын жыйынтыктоочу Demo Day иш-чарасы өттү. Анын алкагында 63 компания өз долбоорлорун эксперттерге, өнөктөштөргө жана инвестициялык коомчулуктун өкүлдөрүнө сунуштады.

Долбоорлордун басымдуу бөлүгү инклюзивдүү чечимдерди ишке ашырууга, «жашыл» технологияларды өнүктүрүүгө багытталды. Аталган программага Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) Бизнес паркына стартапер Амантур Эркинов катышып, Sanji аттуу онлайн-сервис долбоорун сунуштады. Ал инкубациялык программанын бардык этаптарынан ийгиликтүү өтүп, Demo Day алкагында долбоорун татыктуу коргоду. Жыйынтыгында Inspire Cup -2026 программасынын расмий сертификатына ээ болду.

Амантур Эркинов учурда ОшМУнун тарых-юридика институтунун 3-курсунун студенти. Анын sanji.kg/ru/shops онлайн-сервиси тамак-ашка жана дүкөндөрдөгү товарларга онлайн буюртма берүү, жеткирүү кызматын жөнөкөйлөштүргөн санариптик платформа болуп саналат. Долбоор колдонуучуларды, коомдук тамактануу жайларын жана соода түйүндөрүн бирдиктүү система аркылуу байланыштырып, тейлөөнүн ылдамдыгын, ыңгайлуулугун арттырууга багытталган.

Төрт жумага созулган программа интенсивдүү окутуу жана практикалык иш-аракеттерди камтыды. Катышуучулар бизнес-моделдерин өркүндөтүп, өнүмдөрүн жакшыртып, ментордук колдоо алышты. Ошондой эле долбоорлорун коомчулукка сунуштоого даярданышты. Жыйынтыгында тогуз компания мындан аркы инвестициялык жана техникалык колдоого ээ болуу мүмкүнчүлүгүн алды.

**З.Нуралиева,**
**ОшМУнун басма сөз катчысы.**

100 жылдык маарекеге карата

# Музейдеги архив иштери



Кыргыз жергесиндеги архивдик иш 1926 –жылы Кыргыз АССРи түзүлгөндөн баштап ишке киргизиле баштаган. Архив- бул архивдик документтерди, материалдарды жана маалыматтарды сактоочу, ирээтке келтирүүчү атайын мекеме. Ал тарыхый документтерди, жазууларды, фотосүрөттөрдү жана манилүү иш кагаздарын кийинки муун үчүн сактап калуучу маалымат базасы катары кызмат кылат. Ошондой эле санариптик түрүндө да маалыматтарды сактайт. Архивдин негизги өзгөчөлүктөрү– документтерди сактоо, ирээтке келтирүү, санариптик архив болуп саналат.

"Сулайман Тоо" улуттук тарыхый– археологиялык музей комплексинде 2017 – жылы архив ачылып, 2022 –жылы илимий архив жана китепкана сектору болуп түзүлгөн. Музей архивинде жетекчиликтен баштап, кадрдык жана эсепке алуу, ар кандай бөлүмдөрдүн, секторлордун, бөлүмдөрдө тиешелүү отчеттору, пландар, каттар, актылар жана башка ушул сыяктуу документтер сакталат.

Алгачкы документтер 1954 -1955 жылдардан башталган. Музей архивинде уникалдуу болуп тарыхый материалдар жана кол жазмалар сакталат. 1978 -жылдан 2009 -жылга чейин, кийинкиси 2018-жылдан 2020 -жылга чейинки документтер 2022 -жылы облустук архивге алынган. Ар бир бөлүмдүн иштери жана иш кагаздары өздөрүнүн бөлүмүндө 5 жыл сакталып, андан соң, музейдин архивине тапшырылат. Архивге келген документтер өз өзүнчө бөлүнүп, ирээттелет жана алар туруктуу, туруктуу эмес, 10 жылдык, 5 жылдык, 3 жылдык болуп мекеменин өзүндө кала турган жана андан да көп жылдык болуп сакталат. Музейдин архивине берилген жылдары бүткөн соң, областтык архивге актылар аркылуу жөнөтүлөт. Биз шаардык архив жана областтык архивдер менен тыгыз байланышып, окуп, үйрөнүп жана семинарларга катышып турабыз.

Архивдер маалыматты узак мөөнөткө сактоо, купуялуулукту камсыз кылуу жана маанилүү маалыматтарды жоготпоо үчүн маанилүү жана жоопту болот, маданий баалуулуктарды кайрадан карап чыгууга баалуу булак катары кызмат кылат.

**А. Жамбылова,**
**Сулайман Тоо УТАМКнын илимий архив жана китепкана секторунун илимий кызматкери.**

Улут сыймыгы

# Калпактын тарыхы



Калпакты тарыхый булактарда, эл арасында, уламыштарда кыргыздар байыртадан эле кийип келгендиги айтылат. Этнограф Н.Момунбаеванын берген маалыматында "Калпак тууралуу маалымат б.з.ч. III миң жылдыкта кытай жазма булактарында кездешет. Кол башчылар, байманаптар алтын жип, алтын чок (чачысы) карматылган калпак кийишкен деп айтылат" делген. Бул маалыматка таяна турган болсок кыргыз аталышы пайда болгондон эле калпак жаралганын билсек болот.

Ошондой эле Борбордук Азияны мекендеген сак уруулары дагы кийизден калпак кийишкендигин Геродот да төмөндөгүдөй сүрөттөп: "Алар калың кийизден жасалган шуштугуй калпак , шым кийишкен, жергиликтүү жаасы, кыска кылычы, аркасында ай балтасы – сагарис болгон"- деп жазып калтырган.

О.А. Сухарева да археологиялык маалыматтарга таянып, калпактын тамыры терең экендигин далилдейт.

В.Н. Кюнердин котормосунда "Ал өлкөдө (кыргыздарда) бардыгы чачтарын кырдырышат, чачтарын өрүшөт. Кышындасы териден жасалган баш кийим кийишет; жайында калпактарын алтын менен коомдошуп, төбөсүн шуштуйтуп, курбусун кайрып коюшат. Алар, хуйгулардын айтымында, азыр да ушундай баш кийим кийишет. Букаралары ак кийизден калпак жасашат, калганы жалпы жонунан бирдей ,-" деп калпак жөнүндө даана маалымат берилет. Кыргыздын энциклопедиясы болгон «Манаста»: «Тармал ирик жыктырдым, Таза жерге кырктырдым, Кыздарга кылын тердирдим...»,- деп калпактын жасалуусу жакшы баяндалат жана эпосто кыргыздар калпагы башынан түшпөгөн эл деп да айтылат. Кыргыз эли тарыхый булактарда алгачкы жолу б.з.ч III миң жылдыкта белгилүү болгону баарыбызга белгилүү. Демек, жогорудагы маалыматтарды эске алуу менен калпактын тарыхын элибиз эл болуп жаралгандан баштап эле башынан түшүрбөй келе жаткандыгын билсек болот.

**Зарина Адилбек кызы,**
**«Сулайман-Тоо» УТАМКсынын жетектөөчү илимий кызматкери.**

# КЫРГЫЗСТАНДА АРХИВ КЫЗМАТЫНЫН ТҮЗҮЛГӨНҮНӨ 100 ЖЫЛ

**"Тарыхы болбой эл болбойт", – дейт. Тарыхын, тилин, каада-салтын жоготкон эл өзүнүн "эл" деген улуу касиетинен ажырап, башка элдерге сиңип, жок болот. Элдин эл экенин даңазалап турган тарыхын сактап, ата бабалардын бай мурасын бүгүнкү күнгө жеткирип, келечек муунга татыктуу өткөрүп берүү аракетинде талыкпай иш алып барып жаткан тармак – Кыргыз Республикасынын архив кызматы.**



Архив – бул өткөн замандан калган документтер, сүрөттөр, жана башка маалыматтар сакталган жер. Ал тарыхты сактоо жана изилдөө үчүн абдан маанилүү. Архивдерде сакталган документтер жана материалдар ар кандай формада болушу мүмкүн, мисалы, кагаз, фотография, аудио жана видео жазуулар, жана башкалар. Алар тарыхчылар, изилдөөчүлөр, жана башка кызыккан тарых изилдөөчүлөр үчүн баалуу булак болуп саналат.

Архивдердин түрлөрү да бар, мисалы, мамлекеттик архив, жеке архив, илимий архив жана башкалар. Алардын ар бири өзүнүн өзгөчөлүктөрү жана максаттары бар. Жалпысынан, архивдер коом үчүн өтө маанилүү, анткени алар өткөн замандан калган баалуу маалыматтарды сактап, аларды кийинки муундарга жеткирет.

Мына ушундай маанилүү тармактын алгачкы пайдубалы түптөлүп, өнүгүү жолуна түшүп, ар тармакты камтыган архивдик материалдарды, баалуу мурастарды сактап келе жатканына 100 жыл толду. Тактап айтканда, 1926-жылы 30-августунда Кара-Кыргыз Автономдуу облусунун Аткаруу комитетинин "Кара-Кыргыз Автономдуу облусунда архив ишин уюштуруу жана Кара-Кыргыз Автономдуу облусунун аймагындагы мекемелердин архивдик материалдарын жөнгө салуу жөнүндө" токтому чыккан. Ошондон бери республикабызда архивдердин өзөгүн түзгөн Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви, Борбордук мамлекеттик Коомдук-саясий документтер архиви, Борбордук мамлекеттик Кинофотофонодокументтер архиви, обустук жана шаардык, райондук архивдер өз ишмердүүлүгүн улантып келет. Мамлекетибиз эгемендик алгандан кийин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1993-жылы 26-октябрындагы № 10 токтомуна ылайык, 30-август – Кыргызстандын архивчилеринин кесиптик күнү катары белгиленип калды.

Ошентип архив кызматы түзүлгөндөн бери ар түрдүү түзүмдүк өзгөрүүлөргө дуушар болду. Башынан айтсак, 1926-жылы Кыргыз Автономдуу облусунун Аткаруу комитетине караштуу Архив бюросу уюштурулган. Анда болгону эки адам гана иштеген.

Ал эми 1927-жылы Кыргыз АССРнин Борбордук аткаруу комитетине караштуу Борбордук архив башкармалыгы болуп түзүлгөн. 1931-1937-жылдар аралыгында облустук, шаардык, райондук архивдер уюшулуп, архив мекемелеринин саны 45ке жеткен. 1938-жылдын 10-сентябрынан тартып, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун токтомуна ылайык, Борбордук архив башкармалыгы Кыргыз ССР НКВДсынын карамагына өткөрүлүп, башка архив мекемелери НКВДнын жергиликтүү органдарына баш ийген. 1960-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу архив бөлүмү болуп кайра түзүлгөн.

Мамлекетибиз эгемендик алган 1991-жылга чейин мамлекеттик архивдер административдик жактан Кыргыз ССР Министрлер Советинин, функциясы боюнча СССР Министрлер Советине караштуу Башкы архив башкармалыгынын көзөмөлүндө болгон. 1991-жылы КР Министрлер Кабинетине караштуу Башкы архив башкармалыгы, 1992-жылы КР Өкмөтүнө караштуу мамлекеттик архив агенттиги, 1998-жылы Билим, илим жана маданият министрлигине караштуу Архив иши боюнча департамент, 2001-жылы ошол эле министрликке караштуу Архив иши боюнча башкармалык, 2003-жылы КР Өкмөтүнө караштуу Архив агенттиги деп аталган. 2009-жылы КР Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Архив агенттиги болуп түзүлгөн.



Учурда, 2021-жылдан бери, КР Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министирлигине караштуу Архив кызматы болуп түзүлүп, ушул макамда иштеп жатат. Республикалык Архив кызматына 3 борбордук архиви, Бишкек шардык жана 7 облустук архиви, 53 район шаардык архивдер кирет. Архив мекемелеринде 700дөн ашык кызматкер эмгектенет. Архив мекемелеринде 4,5 млн.дон ашуун сактоо бирдигиндеги документтер сакталып келет. Кыргызстандын 19-кылымдын экинчи жарымынан бери кагазга, сүрөткө, киного түшүрүлгөн документтер биздин өлкөнүн чыныгы тарыхын чагылдырат. Алардын арасында кун жеткис баалуу жана уникалдуу документтер бар.

Аталыштары улам өзгөргөнү менен негизги милдети – элибиздин тарыхы болгон архивдик материалдарды чогултуп, аларды сапаттуу сактап, көөнөрбөс мурас катары келечек муундарга көздүн карегиндей сактап, өткөрүп берүү милдети өзгөрүүсүз кала беди. Архив мекемелери маданий, илимий, социалдык, билим берүү тармактары менен эриш-аркак иш жүргүзгөнү менен, негизги милдети – мамлекетибиздин жашоо ыргагында пайда болгон бардык документтерди, менчиктин түрүнө карабастан чогултуп, алардын ичинен тарыхый, практикалык баалуулукка ээ болгон документтерин ирээтке келтирип, сактоого алуу, ошол документтерди пайдаланууга шарт түзүү жана мамлекетибиздеги бардык ишкана, мекеме, уюмдардын документтер менен иш жүргүзүүсүн көзөмөлдөө менен усулдук жардам көрсөтүү болуп саналат.

Кандай учур болбосун Архив кызматы өз ишин так жана туура алып барып, канчалаган жарандардын суроо-талаптарын аткарып, коомчулукта өз милдеттин аткарып келет.

**Нургазы Алимбаев,**
**Архив кызматынын Ош региондук башкармалыгынын начальнигинин орун басары.**

Билим

# ТАЖРЫЙБАЛУУНУН САБАГЫ ТААСИРДҮҮ БОЛОТ

**Ош шаарынын №28 Учар жалпы билим берүү мектебинде Жумабаева Тазагүл Ботобековнанын Социалдык педагог жана информатика мугалими болуп эмгектенгенине бир топ жылдар болуп калды. Ал 1986-жылы Ош облустунун Ноокат районунун Тескей Кожеке айлында төрөлүп өскөн. Өз айлындагы мектепте мыкты окуучулардан болуп аяктаган соң, 2004-жылы мектептен алган билимин андан ары өркүндөтүү максатында Ош шаарындагы Ош технологиялык университетинин инженердик педагогикалык факультетинин информатика мугалими адистигине окууга тапшырат. Мектепти мыкты билим алуу менен аяктаган Тазагүл Жумабаева университеттен мыкты билим алууга тырышчаактык менен астейдилдик көрсөтүп алгачкы курстардан эле кесиптик билим алуудагы теориялык жактан өзү тандаган кесибинин алдыңкыларынан болууну максат катары коюп, мыкты студенттердин катарына кошулат.**




Келечек информатика, айти-технология заманы экендигин Тазагүл эжеке ошол студенттик учурларында эле мыкты түшүнгөндүгү азыркы учурда жакшы жемишин берип келүүдө.

Ал 2009-жылы аталган университети жакшы жүрүш турушу, кесиптик билимин терең өздөштүргөн активдүү студенттердин катарында "Информатика мугалими"адистигине ээ болот. Ошондон бери турмуштагы ар кандай оош-кыйыштарга карабай, келечек муундарга сапаттуу билим тарбия берүү максатында сүйгөн кесибин жан шерик катары кармана берилгендик менен эмгектенип келүүдө. Убакыт учкан куш дегендей окууну аяктап өз кесибин аркалагандан бери деле он жети жыл аяк басканына бир алдын өкүнүү менен караса, бир алдын сыймыгы жан дүйнөсүнө батпай канчалаган жаш муундарды тарбиялаганына сыймыктанып келет.

Ошондон тажрыйбалуу педагог өз кесибинин устаты катары күндөлүк сабагына дыкаттык менен даярданууну адатка айландырып алган. Анын бир күндүк сабагы эле окуучуларга канчалык кызыгууларды алып келгендигин окуткан окуучуларынын астейдилдигинен сезилгенинен айтсак ашыкча болбос.

Тажрыйбалуу мугалим Жумабаева Тазагүлдүн "Санариптик дүйнөдөгү коопсуздук, 9-класс үчүн инновациялык сабактын шилтемеси" деген темадагы өтүлгөн сабагы окуучуларга өтө кызыктуу болгону менен мектептеги педагогикалык жамааттын колдоосун таба алгандыгы менен жакшы пикирлерди жаратты. Мында сабак: Кызыктыруу, Изилдөө, Түшүндүрүү, Тереңдетүү, Баалоо сыяктуу беш бөлүккө бөлүнгөн. Сабактын жүрүшүндө: иш аракеттин мазмуну Проблемалык кырдаал жаратуу, Топтук издөө иштери, Негизги терминдерди чечмелөө, Практикалык машыгуу, Билимди текшерүү сыяктуу кичи темаларга бөлүнгөн. Сабактын жүрүшү "Банктык картанын коду , соцтармактардагы пароль уурдалса кесепети кандай болот? " деген талкуу, окуучулар фишингтик сайттардын чыныгы, сайттардан айырмасын (домендик аталыш, дизайн) изилдеп табышат.

Бүгүнкү күндө окуучуларга санариптик чөйрөдөгү интернет мүмкүнчүлүгүн түшүндүрүү менен анын коркунучтарын да кеңири жеткирүү сабакта негизги орунда турат. Айрыкча, окуучуларга бейтааныш адамдар менен байланышууда этияттыкты сактоону үйрөтүү сабактын мазмунуна кирет. Ал эми практикалык машыгууда ар түрдүү ыкмаларды колдонуу менен сабактын жүрүшүндө окуучуларга жеткиликтүү болуусу каралат. Ушул эле учурда окуучулар санариптик коопсуздуктун беш, алты эрежесин чекбаракча катары түзүшөт. Мындан сырткары, көндүмдөрдү өнүктүрүү (3С МОДЕЛИ), Практикалык тапшырма, Үй тапшырмасы сабакта окуучуларга кеңири чечмелөө менен сунушталып, суроо-жооптор аркылуу бышыкталат.

Тажрыйбалуу мугалим Жумабаева Тазагүл Ботобековнанын окуучуларга өткөн сабактары жогорудагыдай практикалык мүнөзгө ээ болгондугу менен кызыктуу болот.

**М. Осмонов.**

Араван районундагы "Достук" айыл өкмөтүнүн башчысы Мамиржан КАДИРОВ:

# "ДОСТУК" АЙЫЛ ӨКМӨТҮНДӨ ИЙГИЛИКТЕР АРБЫН"

**Араван районундагы Достук айыл өкмөтү акыркы жылдары социалдык-экономикалык жактан активдүү өнүгүп жаткан аймактардын катарына кошулду. Бир кезде А.Анаров аймагы деп аталып келген бул аймак административдик-аймактык реформанын алкагында Маңгыт аймагы менен биригип, Достук деген ат менен кайрадан түзүлгөн.**

**Калкынын саны, бюджетинин көлөмү жана аткарылган иштердин масштабы боюнча район ичинде алдыңкы орунда турган бул аймак учурда дотациядан чыгып, өз алдынча өнүгүүгө багыт алган. Биз кезектеги иш сапарыбызда Достук айыл өкмөтүнүн башчысы Мамиржан Назиржанович Кадиров менен жолугуп, 2025-жылы аткарылган иштер тууралуу маектештик.**



**-Мамиржан Назиржанович, алгач Достук айыл өкмөтүнүн бүгүнкү абалы тууралуу айтып берсеңиз?**

-Жакшы болот. Достук айыл өкмөтү Араван районундагы эң ири аймактардын бири болуп эсептелет. Жалпы аянтыбыз 19 миң 760 чарчы километрди түзөт. Бүгүнкү күндө аймакта 32 миң 845 калк, 5030 кожолук жашайт.

Биздин негизги максат-аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу жана элдин жашоо шартын жакшыртуу. Акыркы жылдары жергиликтүү бюджетибиздин мүмкүнчүлүгү кеңейип, дотациядан чыгып, өз күчүбүз менен көптөгөн долбоорлорду ишке ашырып жатабыз.





**-Социалдык жактан аяр катмарды колдоо багытында кандай иштер жасалды?**

-Элдин турмушун жеңилдетүү биздин негизги милдеттердин бири. 2025-жылдын январь айында 500 аз камсыз болгон үй-бүлөгө 400 килограммдан көмүр акысыз таратып бердик. Жалпы көлөмү 120 тонна, баасы 576 миң сом болду.

Ошондой эле декабрь айында демөөрчүлөрдүн колдоосу менен 25 мүмкүнчүлүгү чектелген жаранга 1 тоннадан акысыз көмүр берилди. Мектептер менен бала бакчалар да көңүл борборунда, 9 мектеп жана 11 бала бакчага кыш мезгили үчүн 890 тонна көмүр сатып алынып берилди.

БУУнун Азык-түлүк программасы аркылуу да бир топ иштер аткарылды. Мисалы, 104 жаран тротуар куруу иштерине катышып, 31 тонна ун жана 3 тонна май алышты. Мындан сырткары, социалдык контракт программасынын алкагында 30 жаранга ун жана май түрүндө жардам берилди.

**- Айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн кандай шарттар түзүлдү?**

-Аймак элинин басымдуу бөлүгү дыйканчылык менен алектенет. Ошондуктан ирригация маселесине өзгөчө көңүл бурабыз. 2025-жылы 3,5 км. арык-каналдарга бетон лоток куюлуп, 22 км. ички арык-канал техника менен, ал эми 60 км. канал элдин жардамы менен тазаланды. Дыйкандарды колдоо максатында KOICA (Корея Эл аралык Кызматташтык Агенттиги) долбоорунун алкагында 80 тонна жер семирткич алып келип, төлөмүн кийин төлөө шарты менен фермерлерге бердик.

**-Билим берүү тармагына токтолсоңуз?**

-Албетте, билим берүү-келечекке салынган инвестиция. Пахта-Абад айылында «Арууке-Сезим» балдар бакчасы 34 млн. сомдон ашык каражатка курулуп, пайдаланууга берилди. Ачы айылында «Кара-Жантак» балдар бакчасы ачылды. Жаңы-Араван айылындагы П.Абылкасымов мектебине 19 млн. сомдук заманбап спортзал курулууда. З.Бабур атындагы орто мектептин кичи футбол аянтчасын куруп бердик.





Мындан тышкары, Төлөйкөн айылындагы А.Эгенов мектеби 24 млн. сомго капиталдык оңдоодон өтүп, 225 орундуу кошумча жаңы окуу корпусунун курулушу башталды. Мындай жумуштарыбыз арбын. Ар бир билим берүү тармагынын отун-суусунан баштап, кем-каржысын толуктап, ремонт иштеринен бери жасап келатабыз.

**-Инфратүзүм жана жол маселеси боюнча айтсаңыз?**

-Бул багытта да олуттуу иштер жасалды. Пахта-Абад айылындагы маданият үйүндө райондун акими Данияр Эркимбаевдин демилгеси жана аракети менен Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан бөлүнгөн 35 млн. сомго Жаштар Борборун уюштуруу боюнча ремонттоо иштери башталып, иштер алынып барылууда.

Ал эми 2025-жылы 11 айылдын ички көчөлөрүнө 13 км. асфальт төшөлүп, жергиликтүү бюджеттен 82 млн. сом сарпталды. Кесек-2 көчөсүнө 1 км. жол облустук фонддон каржыланып, асфальт жаткырылды. Ал эми Ош-3000 көчөсүндө 5,5 км. жол республикалык бюджеттен 156 млн. сомго кеңейтилип, асфальтталды.

Жалпылап айтсам, айылдардын ички жолдоруна шагыл төшөлүп, жаңы конуштарга жеткиликтүүлүк жакшыртылды. Электр мамычалары, көмөкчү чордондор орнотулду. Ошондой эле «Үлгүлүү көчө» долбоорунун алкагында алты айылда тротуарлар, лотоктор жасалып жана түнкү жарыктар орнотулду. Ачы, Төлөйкөн айылдарына таза суу тартуу иштери аткарылууда. Негизинен көчөлөрдү кеңейтүү, инфраструктураны жакшыртуу, райондун борборун ирээтке келтирүү, мыйзамдуу курулуштарды куруу иштери тынымсыз аткарылып келатат.

**-Өнөр жайы жана инвестиция тартуу боюнча жетишкендиктер барбы?**

-Достук аймагында акыркы жылдары өндүрүш тармагы жанданып жатат. «Араван цемент заводунун» аймагында көмүр брикет чыгаруучу завод ишке кирди. Долбоордун баасы 143 млн. сом, 15 жумушчу орун түзүлдү. Ошол эле жерде акиташ чыгаруучу, газоблок иштеп чыгуучу заводдор да иштеп жатат.

Мындан тышкары, Ачы айылындагы Шор-Булак участкасында 150 млн. сомдук арматура заводу курулууга даярдалып жатат. Бул жерде 60 жаңы жумуш орду түзүлөт.

**-Мамиржан Назиржанович, айтсаңыз, алдыдагы максаттарыңыз кандай?**

-Биздин максат Достук айыл өкмөтүн заманбап, жашоого ыңгайлуу, экономикалык жактан туруктуу аймакка айлантуу. Жол, таза суу, билим берүү, медицина жана өндүрүш тармагын мындан ары да өнүктүрө беребиз. Элдин колдоосу жана мамлекеттик программалардын жардамы менен Достук аймагы мындан ары да өсүп-өнүгөт деп ишенем.

**Маектешкен: Н.ӨМҮРЗАКОВА.**

# Өнүгүүгө багыт алган Ийри-Суу айыл аймагы

*Өзгөн районундагы Ийри-Суу айыл аймагы жылдан-жылга өнүгүп, инфратүзүмдөрү жаңыланып, элдин турмуш шарты жакшырууда. Административдик-аймактык реформанын алкагында Ийри-Суу жана Чаңгет айыл аймактары бириктирилип, бирдиктүү айыл аймагы түзүлгөн. Айыл аймактын курамындагы айылдарда жалпы 2340 кожолук жашап, калктын саны 14 миң 341 адамды түзөт.*

*Айыл аймакта жолдорду оңдоо, көчөлөрдү ирээтке келтирүү жана мыйзамсыз курулуштарды жоюу иштери жүргүзүлдү. Кызыл сызыкка чыгып кеткен курулуштарды мыйзамдаштыруу же бузуу аркылуу аймакты тартипке келтирүү аракеттери көрүлүүдө. Ошондой эле ички жолдорду оңдоо жана калктын коопсуздугун камсыздоо максатында инфратүзүмдүк долбоорлор ишке ашырылып жатат.*

*Аталган айыл өкмөтүн учурда Караев Советбек Ормонбекович жетектеп, айыл аймакты өнүктүрүү, калктын турмуш шартын жакшыртуу багытында бир катар иштерди жүргүзүп келүүдө. Өткөн жыл ичинде айыл аймакта социалдык инфратүзүмдөрдү жакшыртуу, айыл чарбасын өнүктүрүү жана калктын жашоо шартын жакшыртууга багытталган бир катар иштер аткарылды.*



## Айыл чарбанын техникалык базасы чыңдалды

Айыл аймакта негизинен дыйканчылык жана мал чарбачылыгы өнүккөн. Дыйкандарга техникалык колдоо көрсөтүү максатында айыл өкмөтүнө заманбап айыл чарба техникасы, грейдер жана комбайн алынып, жергиликтүү дыйкандар үчүн чоң жардам болду. Техникаларды натыйжалуу пайдалануу максатында грейдер "Жагалмай" ишканасына, ал эми комбайн жол тейлөө ишканасына өткөрүлүп берилди. Бул техникалар айыл аймактагы жолдорду оңдоо жана айыл чарба иштерин жүргүзүүгө көмөк көрсөтүп, жергиликтүү инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө өз салымын кошууда.

## Мал чарба жана ветеринардык кызматтар

Айыл аймакта мал чарбачылыгы калктын негизги киреше булагы болуп саналат. Ошондуктан малдын санын көбөйтүү жана алардын саламаттыгын сактоо боюнча ветеринардык иштерге өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Өткөн жылы мал ооруларынын алдын алуу максатында бир катар профилактикалык эмдөө иштери жүргүзүлдү. Малдарды каттоого алуу жана идентификациялоо иштеринин алкагында 113 баш жылкыга чип коюлуп, 1089 баш кара малга бирка басылды.

## Инфратүзүмдөр жаңыланууда

Айыл аймак жаңы жолдор менен толукталып, ички көчөлөрдү



оңдоо жана жаңылоо ишке ашууда. Алыскы Чаңгет айылында узак убакыттан бери айыл тургундарын түйшөлтүп келген негизги көчө толугу менен жаңыланып,



эскилиги жеткен көпүрө алмаштырылды. Кочконов көчөсүнө асфальт төшөлүп, жолдун сапаты жакшырды. Жаңыланып жаткан жолдордун туурасы 6 метр, жалпы узундугу 5 чакырымга жетет. Ошондой эле айыл өкмөтүнүн имаратынын алдына көрктүү фонтан орнотулду.

## Элдик демилге — элге кызмат

Аймакта демөөрчүлүк аркылуу да бир катар пайдалуу иштер жүзөгө ашууда. Айылдын чыгаан уулдарынын бири, ишкер Ырысбек Алдашукуров №18 Ийри-Суу дарыгерлер тобуна заманбап УЗИ аппаратын белек кылды. Мындан тышкары, ал аппаратта иштей турган бир адисти окутуп даярдоону да өз милдетине алды.

## Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу иштери

Айыл аймакта калктуу конуштарды көрктөндүрүү, тазалыкты сактоо жана жашылдандыруу иштерине өзгөчө көңүл бурулат. Аймакта март, апрель жана май айларында жалпы ишембиликтер уюштурулуп келүүдө.

Өткөн жылы жашылдандыруу иштеринин алкагында жалпы 6330 түп бак-дарак көчөттөрү отургузулду. Анын ичинен 5000 түп терек, алма жана өрүк көчөттөрү, 250 түп ийне жалбырактуу дарак, 80 түп декоративдик көчөт



жана 1000 түп жаңгак көчөттөрү Жийде, Кыргызстан жана Жаңгакты айылдарында, мектептердин айланасына, жол жээктерине тигилип, көзөмөлгө алынды. Ак-Терек айылында БУУнун долбоорунун алкагында 25 гектар жер аянтына жемиш бактары отургузулду.

## Жолдор оңдолуп, жаңы көпүрөлөр курулду

Алыскы айылдардагы ички жолдорду оңдоо жана асфальт төшөө иштерине өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Чаңгет айылында негизги жолдун 3 чакырым 100 метр аралыгына асфальт төшөлүп, эки көпүрө курулду. А. Кубатбеков жана Өстүрүү айылындагы Коконбай көчөлөрүндөгү ички унаа жүрүүчү жолдорго асфальт төшөлдү. Айтиев көчөсүнүн 1 чакырым аралыгына, Жаңгакты айылындагы М. Аттокуров көчөсүнүн 1 чакырым жолуна, Жийде айылындагы К. Биймурзаев көчөсүнө асфальт төшөлдү. Корс-Этти айылындагы Ы. Арзыкулов көчөсүнүн 1 чакырым жолуна, Жаңгакты айылындагы М. Аттокуров көчөсүнүн 1 чакырым 500 метр аралыгына, Эши уулу Самат көчөсүндөгү 2 чакырым 300 метр ички жолго, Ак-Терек айылынын негизги жолунун 1 чакырым аралыгына шагыл төшөлүп, жолдор кеңейтилди.

## Таза суу менен камсыздоо иштери

Айыл аймакта калкты таза суу менен камсыз кылуу боюнча, БУУнун программасы тарабынан каржыланган долбоорлордун алкагында бир нече айылдарда суу түтүктөрүн тартуу жана оңдоо иштери аткарылды. Кыргызстан айылынын Дөбө маала участогунда 1 чакырым 200 метр аралыкка ичүүчү таза суу чыгарылды. Чаңгет айылынын Чокотой-Үкү участогунда ичүүчү суу үчүн 1 чакырым аралыкта траншея казылып, диаметри 100 мм болгон суу түтүктөрү орнотулду. Өстүрүү айылында 4 чакырым 500 метр аралыкка түтүктөр тартылды. Чаңгет айылында ичүүчү суу түтүктөрүн көмүү үчүн арык казылды, Кыргызстан айылынын Сопу участогунда арык аркылуу суу чыгарылды.

## Элге жардам берген эл аралык долбоорлор

Айыл аймакта БУУнун Азык-түлүк программасынын алкагында 6 долбоор ишке ашырылды. Бул долбоорлор "эмгек акы ордуна азык-түлүк" принциби менен жүргүзүлдү. Долбоордун негизинде коомдук иштерге тартылган 205 жаранга эмгек акы катары азык-түлүк берилди. Ар бир катышуучу 6 кап ун жана 30 литр өсүмдүк майын алды. Жалпысынан жарандарга 1 миллион 21 миң 864 сомдук азык-түлүк жардам катары таратылды. Бул долбоорлор айыл аймактагы социалдык маселелерди чечүүгө, калкты жумуш менен камсыз кылууга жана жергиликтүү инфратүзүмдөрдү жакшыртууга үлкөн салым кошууда.

## Билим берүү тармагында жаңылануулар

Ботояров атындагы орто мектептин жанына 375 орундуу заманбап жаңы мектеп курулуп пайдаланууга берилди. Ор-Казган айылындагы №18 Ийри-Суу баштапкы мектебинин имараты толугу менен капиталдык оңдоодон өткөрүлдү. №10 Чомо Баатыр мектебинин жылытуу системасы жаңыланды, №15 К. Тиленбаев мектебине жаңы от казан орнотулду. А. Сазиев мектебине жаңы жылытуу системасы коюлду.

Аймакта мектепке чейинки билим берүү мекемелерин көбөйтүүгө көңүл бурулуп жатат. Корс-Этти айылында "Санам апа" балдар бакчасы ачылып, учурда анда 50 бала тарбияланып жатат. Кыргызстан айылында 100 орундуу "Алиман апа" балдар бакчасы толугу менен курулуп бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди.

## Жайыттарды максаттуу пайдалануу

Айыл аймактын жайыт жерлеринин жалпы аянты 20 миң 650 гектарды түзөт. Жайыт комитети тарабынан жайлоолорго баруучу жолдорду оңдоо жана ачуу иштерине өзгөчө көңүл бурулууда. Арык-Ашкан жайлоосуна баруучу жол, Өстүрүү айылынын Оюлма жолу жана Ачы ашуусу сүрүлүп, тегизделди. Кара-Колот айылынын көп жылдан бери жабылып турган жол каттамы кайрадан ачылды. Көбүргөн жайлоосуна баруучу жолдор оңдолуп, Чаңгет жана Өстүрүү айылдарынын тургундары каттаган Орток жана Ак-Таш жайлоолоруна баруучу жолдор ачылды.

## Санариптештирүү иштери жүргүзүлүүдө

Айыл аймакта "Санарип Аймак" маалыматтык системасына калкты каттоо жана маалыматтарды киргизүү иштери жүргүзүлдү. Анын алкагында 12 миң 449 жаран каттоодон өткөрүлдү. Электрондук каттоо аркылуу жалпы 232 арыз келип түшкөн. Анын ичинен 214 арыз жер маселеси, 18 арыз ар түрдүү маселелер боюнча жана 1 өтүнүч кат катталган.

**А. МАТИЕВА.**

## Аукцион

Кара-Суу районуна караштуу Папан айыл аймагынын Бөрү айылынан № 210 контурунан 0,50 га. № 203 контурунан 0,50 га. №309 контурунан 0,60 га. кайракы, № 17-19-контурларынан 2 га. суулуу .

Камыр-Суу айылынан №619 контурунан 0, 20 га. жер тилкеси (гараждын орду), Кара Гур айылынан 0,05 га. жер тилкелери аукцион аркылуу ижарага берилет. Аукцион гезит чыккан күндөн тартып 1 айдан кийин айыл өкмөттүн кеңесинде өтөт. Сурап билүү номери: 0-778-13-56-87.

### ХХХ

Кара-Суу районунун Манас айыл аймагынын Каратай айылында жайгашкан 4800,0 чарчы метр муниципалдык менчиктеги турган жер аянты торук аркылуу ижарага берилет. Торук 2026-жылдын 17-апрель күнү саат 15-00 дө Манас айыл аймагынын имаратында өткөрүлөт.

### ХХХ

Кара-Суу районунун Жоош айыл өкмөтүнүн Кум-Арык айылындагы МТФ участкасынын №102 контурунда жайгашкан жалпысы 1,25 га муниципалдык жер аянтынын (Идент.номери 5-04-05-1001-0917) ичинен 0,20 га жер аянты ачык конкурс аркылуу ижарага берилет.

Конкурстун өткөрүлүүчү жайы Жоош айыл өкмөтү, Кум-Арык айылы, К. Адышев көчөсү №6.

Байланыш телефондору: +996 556 949193

